УДК: 94 (5752)

Мамытканов Э. Ж.
*Ак-Суу рай. Сары-Камыш айылынын*
*Ж. Субанбеков атындагы орто мектебинин*
*ардагер мугалими*

***2017- Ыйман, адеп жана маданият жылы.***

**КЫРГЫЗ УЛУТУ – ЫЙМАН УГУТУ**

***(Публицистика).***

**Эрөөлдөн сабак алалы.**

**(Атам Жангазынын жаркын элесине арнайм)**

*Мамлекетибиздин саясатында соңку жылдарда улуттук баалуулуктардын артыкчылыгына, элибиздин руханий жан дүйнөсүнө, акыл-зейнине ыймандуулуктун тутумдарын тереъ орун алдырууга өзгөчө көңүл бурулуп, аларды өнүктүрүүнүн максаттары Журт башчысынын жарылыгы менен ар жыл сайын жумуруятыбызга данистелип, ал боюнча мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулууда. Өткөн жылдын «Тарых жана маданият жылы», анын логикалык жактан улантылышын шарттаган 2017-жылдын «Ыйман, адеп жана маданият жылы» деп жарыяланышы – анын айныгыс далили.*

***Негизги сөздөр:*** *ыйманга, адеп акылакка аныктама, кыргыз улуту – ыйман угуту, экинчи апрель каармандары, Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюну.*

*В республике в последние годы уделяется особое внимание на национальные достоинства, нравственную духовность, умственную способность и воспитание народов. Для развития этих категорий президент республики на государственном уровне ежегодно объявляет тему года и уделяет этому огромное внимание. Прошлый год - «Год истории и культуры» логически продолжает «2017-год нравственности, воспитания и культуры».*

***Ключевые слова:*** *определения воспитания и нравственности, апрельские герои, Всемирные кочевые игры.*

*In the republic in recent years, special attention has been paid to the national value, moral spirituality, mental ability and education of peoples. To achieve these goals, it is important that attention be paid to public issues. Last year - "The Year of History and Culture" logically continues in 2017, "Morality, Education and Culture."*

***Key words:*** *determination for upbringing and morals, April participants, World nomadic games.*

Жер отонунда адам пендеси өмүр кечирүүгө өткөн тээ байтак учурдан тартып, анын уругунан тарагандардан уруулар, уруулардан элдер, элдерден улуттар пайда болуп, алардын өз өзүнчө түтүн булатып, мамлекеттерге айланып түптөлүүсүнүн жана өр таяна кадуулоосунун жараянында алдыга кеткен ооматтуу да, окто-текте артка кетенчиктеп, оомалуу-төкмөлүү кесепеттердин капшабында калып, беденине камчы тийгендей бейкаруу силкинип алган, ындыны өчүп, ыклас жандыра албаган жылдары, кылымдары, доорлору да болду. Алмустактан бери карай Жерди түгөл каптап, айлампасы зуулдап жүрүп турган зор турмуштун тынымсыз, үзгүлтүксүз кубулуп, жаңырып, улам жаңы сапаттык баскычка көтөрүлүп, кээде тынымга тунжурап туруу касиети – бул эзелтен келаткан жалпы дүйнөлщк коомдук өнүгүүгө тиешелүү заңыт.

Ошол тарых бүктөмдөрүндө калган көөнө доорлордон бери карай жаңырыктап бизге чейин жеткен кылычтардын кыңгыр доошторунун, наама жазмаларындагы чежирелерде жазылып калган, ооздон-оозго өтүп айтылып келген афсаналуу да, аамыяттуу да экимет кептердин үн нугунан тагдырлары зымга тарткандай бир кылка пешенеленген, жазайылдуу мүшкүлдүн кууралы менен азабынан зээри басайып, тарткан күйүтүнүн орду сыздап, жүрөгү мыкчылбаган, алардын залдары көпкө чейин көөдөнүндө кара так болуп калбаган боору бүтүн, башы аман бир дагы эл, улут, өлкө болбогондугун эшитебиз. Ал гана эмес, карт тарыхта аты калып, аркы жок, изи калып, ибараты калбаган да эчен түрдүү элдердин өткөнүн, алардын убайрамдуу казаттарда набыт болуп кеткенин, айрым аман калгандарынын башка элдердин арасына жиксиз сиңип эриш болгонун

адамзат пендеси ал заман, бул заман жакшы билет.

Арийне, Жер соорасындагы (планетасындагы) коомдук өнүгүүнүн жалпы дүйнөлүк жайыктагы жараянына баам таштап, тыкаат байкоо салсак, андагы мамлекеттердин бардыгына мүнөздүү мындай бир асасий тыянакка келбей койбойт экенсиң. Негизинен, ал менин жеке көөмөйүмдө Жер отонунда доорлорду арытып, кылымдарды карытып өзүнүн мамлекеттүүлүгүн сактап келген кайсы гана элди, улутту албайлы, алардын өрдөн-өргө кадуулоо жараяны – ошол коомдук түзүлүштө өмүр кечиришкен бурадарлардын, асыресе, бийликтин да, байлыктын да мартабалуу эки тизгин, бир чылбырын колдоруна шибээлеп кармаган журт башында тургандардын жана алардын зайпана чекерлеринин көөн-насилинде Ыйман баалуулуктары менен катар Напси азыткысынын кандай деңгээлде түнөк табышына жараша болсо керек деген бакат ой-каалгым бар. Дегеним, мезгилдер менен жылдардын айсал-буйсал закымында ирбити жүрүп турган зор турмуш айлампасынын тараза табактарында ыкыбалдуу Ыйман баалуулуктары менен шойкок да, кыткыл да сезимдерге шатектелген. Напси азыткысынын кылтылдап күч сынашып, эрөөлдөшүп келгени келген.

Эсеби маселен, коомдук өнүгүүдөгү алардын ажытына абай салып көрсөк, зор турмуш тараза ташына Напси азыткысы өкүмдарлыгын жүргүзгөн учурда, олоң журт арасындагы не бир жезиттердин көөдөнүндө быгып жаткан ачкөздүк, өзүмчүлдүк, мансапкордук, *керимдик (бюрократтык)* сыяктуу бакылдыктын сөлдөрү ойгонуп, бүткүл жан-дени менен оборун араандай ача сайранын курат экен. Кесепетинде, бийлик менен байлык кумарынын Алдаяры болууга огеле напси агытышып, туйгун жаткан танапташ элдерди андаалата чапкан нечендеген кол башчылар менен Журт башчыларынын, «Жер отонунда адамзат пендесин биздей гана таза кандуу бир эле улут башкарууга тийиш»,– деген дымак менен дүйнө жүзүндөгү жайкын жашоону зер-забар кылууга нап койгон жаангерлердин өткөнүн, ошол калабалуу доорлор менен кылымдарда кусаматтуу бейпешене жуйкурлардын эсердигинин саатынан миллиондогон бейкүнөө эсил жандын белгисиз бейиттерге коюлганын, сан жетпеген шаар-кыштактын төрткүл болуп жоюлганын, адабаттуу душман менен эндөөлөшүп эчендеген сырттан тариз эрлердин, эңчегер сындуу шерлердин өлгөнүн, пири тирүү кыйла сонун жерлердин куну качып төнгөнүн, элдин-жердин куту учуп, ырысынын сөнгөнүн, букаралар нардай тонолуп, журт арасы ачарчылык менен оору-сыркоонун жазайылын көргөнүн – мына ушундай зер басайткан жазмыштардын баарысына көөн-насилинде Напси азыткысына ашкере азгырылгандар огожо болгонго «көнгөнүн» тарыхтын мажара наамалары сес көрсөтө айтып турат.

Ал эми зор турмуш айлампасынын тараза ташынын салмагы Ыйман баалуулуктары тарапка оогондо жан дүйнөсү пакиза караламан эл анын шооласына мемиреп, кылымдар катмарынан бери карай агарып аткан таңындай, денинде аккан канындай аздектелип, муундан муунга өтүп келген, акыл-зээндерге зарде тартуулаган асыл нурларынын илебине аруулана чайканышат; жүрөк тереңин руханий дөөлөт менен байытууга умтулушат; туйгун жаткан ырысман журттардын саны урумдап көбөйөт; улуттар, элдер, адамдар ортосундагы ынтымак-ырашкерчилик орноп, бал-шекерин татышып, мамырлашып катышат; элдин, жердин ырыскысы артат; мекендештеринин кызыкчылыгын убарлашыныкындай ойлогон, Ата Журтунун тагдырын ак олпогун чечпей коргогон, өлкөсүнүн өсүшүнө өзөлөнө күйгөн, убадага бек, калыс, мээнеткеч жүргөн ыроошан жаңы муун өсүп чыгат экен.

Деген менен, не бир жезит кешпир жуйкурлардын найынсап нээтиндеги *кыялый икаясында (фантазиясында)* туюгунан жарылчу кулгунадай болгон «Напси азыткысы» илдетине чалдыккандарга ыкыбалдуу Ыйман гана өзүнүн баалуулуктары менен каршы туруп, улуттарды, элдерди, алардын наркын, салтын, маданиятын сактап калууга карал болуп келет. Напси азыткысы өзүнүн бейкарыулугун сезсе да, ирбитинин жүрө берээрине төтөп кылып, Ыйман баалуулуктарынын үстөмдүгүнө өнө бою каршы туруп, заман

заңытына жараша сөөлөт-түсүн өзгөртүү менен мүдөөсүнө жетип, анын үдөөсүнө чыгуу үчүн не бир шойкок айла-амалдарын байма-бай дүмбөлөө аракетин жасоо аркылуу адам пендесинин көөн-туюмун жуйкурлана үшкүлөп келе жатат.

Көл кылаасынан чыккан жети Акенин эң кичүүсү, даанышман *Кыдыр акенин: «Ыймандуулук болбой, калайыкта кайрымдуулук да болбойт», «Тууганчыл бийде ыйман жок, ыймандуу бийде тууган жок»,* -деп кылымдан ашык убакыт мурда айткан ибарат сөзү жогорудагы ой-каалгыны даана ыспаттап тургансыйт. Андай дегеним, бүгүнкү күндө калылуу, уруят калкыбыздын жан дүйнөсүндө: *«Журт башында турушуп, ага кызмат кылган инсандарыбыздын көөн-насилинде Ыйман баалуулуктары терең уялап, эл мүдөсүн калыс чечип, кайрымдуу болсо…»,* -деген мунаажат-тилек турат! Жумурай-журтубуздун мындай ыкласка келүүсүнө жумуриятыбыздын чейрек кылымдык эгемендүү жолундагы «Напси агытам деп «азышкан», тоюнам деп акыры-ашыркы журтта «тозушкандардын» амирлери жүрүп турган кезинде абыгер чеккен тагдырына байыстуу, кыраа серeп таштай алуусу негизги себеп болгондой туюлат…

Асыресе, улутубуздун уруятка ээ болгон алгачкы жылдары даңгыл болгон жок. Сөзүбүздү *ыспаттап (аргументтүү)* айтканда, бул жылдары улутубуздун жылдызы жанып, көз карандысыз өлкө эгеси катары дүйнө шаркетине тааныла алгандыгын, уруят тагдырын айгинелеген, аамыяты аңыз болуп айтылып калуучу жумурияттык урунттуу *күнайжылдар (даталар)* негизделген окуяларга, окто-сокто эсте калуучу изги иштердин жүз жарганына күбө болгонубузду тана албайбыз.

Тилекке каршы, эгемендүүлүктүн эндекей *шаани-шаңына (эйфориясына)* алдырышкан карапайым букаралар Напси азыткысынын кыска убакытта эле кантип өз амирин шибээлеп жүргүзүүгө өткөнүн учурунда дурустап бейлей албай калышты. Өлкөдө жумушсуздуктун керимселинин жүрүшүнө Напси азыткысынын Алтандарынын амирдүү үстөмдүгү убаажы болду.

***Ошентип, калайык ичинде калкыбыздын бешене энчисине мурда-кийин таптакыр буюруп көрбөгөн эмгек кезгини (мигрант) деген катмар пайда болду.***

Ириде, чыгармаларында элдик турмуштун мына ушундай жаамы чындыгындагы жалпы көрүнүш картинасынын кечээкисин, бүгүнкүсүн, эртеңкисин көрүп, алардын тереңде жаткан философиясын ачып берүү менен ошолорду адамзат тагдырын ойлондуруучу баскычка чейин көтөрүү кудуретине жеткирген улутубуздун көркөм сөз өнөрүнүн дарканы, кыргыз рухундагы Улуу Ыйман баалуулуктарынын дүйнөлүк жайыктагы данискери, калкыбыздын ааламдык аамыяттагы Айкөл уулу Чыңгыз Айтматовсуз бул түбөлүктүү тема туурасында сөз кылуу – жүрөгүнөн айрылган көкүрөк, тилинен айрылган дудук, акылын сабырга эриштире албаган нонок, каректен айрылган көз, кунарсыз айтылган сөз болмок.

Кезинде уламалуу устаздын Напси азыткысынын Алтандарынын бешене-бейнесин жаамы адамзаттын элек-сынына коюп, ыймансыз, жуйкур сапаттарынын распаасын чыгара сүрөттөгөн, алардын кекселик кесепеттеринен сак болууну собогөйлүк менен эскертип, элдин элегине коюп данистеген чыгармаларынын каармандарынын турмуштагы чыныгы кейипкерлери эгемендиктин жылдарында да калк катмарынан калкып чыга келишти. Кесепетинде, журт үчүн камыга күйгөнсүгөн, алар деп ат тердигин кургатпай жүргөнсүгөн, бирок, жан-беденине *баккумардын (карьеристтин)* ажынасын уялаткан мансапкорлор: Кашкатаевдердин, Сегизбаевдердин, Алдановдордун, Ыбырайымдардын; ниетинде: «Бул эмне үчүн бизден кыйын болуп кетиши керек?!» -деген түркөйлүктүн, ичи тардыктын, мурдун балта кеспестиктин кыткыл сезимдери чайлаган Базарбайлардын, Орозкулдардын, Абакирлердин; куру намыс көөдөнүндө өкүмдарлык кылган Садыктардын ирбити шарапаттуу жүрүп турду.

Коомдо элинин өткөндөгүсүнүн тарыхын эс тутумуна өрүүн алдырууга ракымы жок, руханий дүйнөсүн байытууга ындысы түшпөгөн, тилине, дилине, динине ыкрат кылып кержейген, бийлик менен байлыктын ширисин кийген, кимдир бирөөлөрдүн колундагы

«так-текеге» айланып, эмне десе ошону аткарган, өз эркине өзү ээ эмес зампарбайлардын жесеги пайда болду. Мына ушундай тирүү макулуктар − азыркынын маңкурту болгон Сабитжандар Напси азыткысынын керет сөрөйлөрүнүн колундагы чапкан даррасына айланышса, калк арасына баңгизатын эриштирүү менен алектенишкен Авдий Калистратов сыяктуу баңгимандар адамдардын акыл-эсин жөө тумандуу иңирдей боосу менен муунткан, кайсоорунга келтирбей кадиксиз кагжыраткан тогонок-өбөктүк кызматтарын аткарып жатышты…

*Напси азыткысы турмуш таразасында өз үстөмдүгүн (диктатурасын) жүргүзгөн учурда кайсыл гана коомдук түзүлүштө болбосун зээр басайткан жазмыштар менен кыяматтар өкүм сүрүп, көпчүлүк учурда анын кесепеттери элдин эсин эсейткен алеңгир чууга, жазайылдуу мүшкүлгө алып келээри абалтан берки заңыт.*

Алдаярдык башкарууга басынган, бирок абалтадан адилетсиздикке моюн сунуп көрбөгөн, көөн-табиятында *Улуу* ***Ыйман угуту*** *байтак замандардан бери өнүп-өсүп, урумдап көбөйүп, мөмөлөп келе жаткан* ***Кыргыз улуту*** – кайрат-эркин майтарууну көздөп, жалбырттаган жалыны менен айбат көрсөткөн нечендеген казаттардын өртүнүн табына кайра курчуп, не деген баскынчылардын азар түмөн колуна каршы туруп, карчылдаша дүмөк салган, түгөнгөн сайын кайра түтөп, таюу тартпас кабыландай комдонуп, урушка кирген сайын зулпукордой сомдолуп келген ата-бабаларыбыздын каны күрөө тамырында дүргүгөн эр-азаматтарынын дилине: *Күрөшкө чык, бактысыздык болбойт эч,* *Жалтанбагын, келечегиң оңбойт эч.* *Ата Журтуң ара жолдо калганча,* *Мекениңдин мүдөөлөрүн каарман чеч!* *Өмүрдү арна, керек болсо андан кеч!*\\\\[1],- деген «Чарчоонун жүзүнчү ырындай» чаалыгуудан чая болгон жан дүйнө чакырыгын таштады.

Ага жооп кылып, *Кайрат кайрап, алп толкундай түрүлө,* *Бороон ойноп калча ирең жүзүнө.**Намысы болуп – колуна кармаар куралы,**Айбаты болуп – айгайлуу, сүрдүү урааны.**Эмилдей эркин ургаалдуу алга сүрөшүп,**Акыйкат үчүн аттанды каарман кыраaны!*\\\\[2].

Алдаярдык бийликтин кетүүсүн талап кылган бейкаруу карып эл Ак үйдү көздөй экинчи ирет агылып барышты. Бирок элдин койгон талабына Напси азыткысынын Алтандары өз амирин каршы койду!

Алдаярдык бийликтин элдин эркине каршы койгон мүшкүлдүү окуясынан кийин самби талдын ноодасындай болуп солкулдап бой керишкен азилкеч эрендерден ажырап, канкакшап журттун жүрөгүн сыздатып, жүлүнүн муздатып жоктошкон, кара жамынышкан энелер менен асыл жарлардын Көкө Теңирге үнү жеткидей болуп боздошкон үндөрү түпсүз көк дүйнө көөлгүгөн обого төнүп, маңкурт баласынын огунан каза таап, нардан куудай чачы жайыла жылмышып бараткандагы Найман-Эненикиндей баштарындагы ак жоолуктары Аялзатынын асманга учуп чыккан жүрөгү сымал ак кептерге айланып, муңдуу кыйкырык салган, барбаана болгондой дооштун жаңырыгын көпкө чейин эшитүүгө болоор эле…

***Ал эми 2010-жылдын 7-апрелинде шейит кеткен эрендердин бул өлүмү – жөн эле Ак үйдүн астына барып абайсыз ажал табуу эмес, бул жөн эле капысынан кайыган окко кездешип жанын кыюу эмес, бул элинин ыймандуу акыйкатты талап кылган мүдөөсү үчүн өмүр сүрүүнүн, адилеттиктин орношу үчүн жашап калуунун эң бир эбегейсиз түрү эле.*** Алар– Ак үйдүн алдында *Эл журтунун таалайы үчүн окко учуп,* *Обдулууга каруу жетпей, көз тунарып, кан кусуп,* *Акыркы ирет көзүн ирмей жашоо менен коштошуп…*\\\\[3] турган маалында: «Мен өз ыктыярым менен ушуну туура таптым…

---

[1] Затмир Урмикас (Мирзат Урдавлетов) «Учкуну болгун, урматы болгун кыргыздын!». -Бишкек, Бийиктик. 2016. 65 б; 66 б; 112 б.

[2] Затмир Урмикас (Мирзат Урдавлетов) «Учкуну болгун, урматы болгун кыргыздын!». -Бишкек, Бийиктик. 2016. 65 б; 66 б; 112 б.

[3] Затмир Урмикас (Мирзат Урдавлетов) «Учкуну болгун, урматы болгун кыргыздын!». -Б., Бийиктик, 2016. 65 б; 66 б; 112 б.

*Көөдөнүмдө жашаган ыйык Ыйман сезими* бул ишти мага ишенип тапшырганы үчүн сыймыктанам.

Мени жоктобо, апа. *Ата Журтумда мындан ары Ыйман баалуулуктары салтанат курса, элибиздин башына кыйынчылыктар келбесе* – жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы – ошол мен, бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү – ошол мен, бутакта көгөргөн жалбырак – ошол мен, талаада өнүп чыккан эгин – ошол мен, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн «А» тамгасы – ошол мен, ошонун баары мен, ошонун баары мен, мен деп билип жүргүн апа!

Ыйлаба, апа, эч ким ыйлабасын. Мындай өлүм үчүн эч ким ыйлабасын. Кош, түбөлүккө кайыр кош!.. Кош, карааныңдан айланайын Ала-Тоо!»,[4]– деп айтып кетишкен керээз сөзүндөгү дил нугун Улуу Ыйман нурлары менен сезимдерге жеткире шоолалап келе жатышкан ***Айтматовдун Майсалбектери*** болучу…

Абалкы тарыхы тереңде жаткан калылуу журтубуз өз кызыкчылыгынан Ата Мекенинин кызыкчылыгын жогору коё билген өзүнүн мына ушундай уулдарынын Улуу Ыймандык сапаттарын муундарга өрнөк туттуруп жашап келет. Эгерде «Кыргыз менталитетинин тарбия башаты Ыймандан башталат»,- десек, анда *Айтматовдун жогоркудай Майсалбектери* Улуу Ыйман баалуулуктарынын өзөктүү *тутумдарынан (принциптеринен)* болгон: мекенчилдиктин, намыскөйлүктүн асыл сапаттарын акыл-зээнине сиңире билген атуулдарыбыздын *афсаналуу бейнеси (символу)* катары элибиздин көөмөйүндө жашоосун улантып кете бермекчи.

Ыңкылап учурунда жаамы журттун койгон жүйөлүү талаптарына үн кошуп, аттанып чыгышкан бейкүнөө жигиттер ажал таап шейит болушту. Бул эсил жандардын – *Айтматовдук Майсалбектердин* сөөктөрү Улуттук эс тутумубуздун ыйык жайына айланган жерге – Ата-Бейит *сагана-көрүстөнүнө (мавзолей-көрүстөнүнө),* айрымдарыныкы ага-тууганынын ыкрарына ылайык, алар туулуп өскөн кичи Мекендериндеги Ата-Бейиттерге зыйнатталып коюлду.

*Бул кыргыз кыргыз болуп жашап келе жаткан байтак доорлордон бери элибиздин нарк-насилинде аруу тутулуп, каркытталып келген Улуу Ыймандуулуктун заңытына ылайык шейит кеткен маркумдардын арбагына таазим кылуунун, алардын элесин муундардын эстутумунда түбөлүк калтыруунун, мурас-салтынын, мунаажат-ырасмисининык ыбалдуу көрүнүшү эле.*

…Байтакты калаабыздын танабындагы элес алынбай келген чалдыбар төрткүлү эле калган эски кыш зоотунун чуңкурунан 1937-жылы жалган жалаа менен атылып кетип, каргашалуу *алалоо (репрессия)* курмандыктары болгон: кыргыз элинин XX кылымдагы барагын ачкан жүздөн ашык алгачкы чыгаан *зыялыларынын (интеллигенттеринин)* – көрүнүктүү мамлекеттик, коомдук-саясий, маданий ишмерлеринин дээрлик жетимиш жылдан соң сөөктөрү табылып, алардын тек-жайлары тыкаат такталгандан кийин Жалпы улуттук аза күтүү зыйнаты менен ак кепинделип, арбактарына терең таазим көрсөтүлүп акыретке узатылган бул жер – ошол күндөн баштап Улуттук эстутумдун ыйык жайы ***Ата-Бейит сагана-көрүстөнү*** деп аталып келе жатканы олоң журтубузга жакшы маалым.

Эл куту, журт көркү болгон Чыңгыз Айтматовдун ошол алалоо курмандыктарынын Жалпы улуттук таажыясында ааламдык аамыятка ээ бийик рухий аброю менен атасынын кабырына ичи эңшериле абай салып турган парасаттуу, алпейим сөөлөтүнөн Улуу Ыймандын уңгулуу баалуулуктарын түзгөн: көөмөйүндөгү кысасын сууга агыза билген кечиримдүүлүктүн, акылына күчтүү эркин эриштире билген сабырдуулуктун, мезгилдерден, кылымдардан, доордон озо келечекке көз чаптыра билген даанышмандыктын, алардын күрөө тамырын кармап, өзөгүндө жүргөн кеменгердиктин, элинин жакшылыгына жаркылдап сүйүнүп, жамандыгына жан эти менен күйүнө билген кажардуу кайраткердиктин санжыргалуу өрнөктөрүн өнө боюнда алып жүргөн

[4] Чыңгыз Айтматов Саманчынын жолу. -Ф., Кыргызстан 1982. I т.

Айкөлдүктүн афсаналуу бейнесин көрүүгө болоор эле.

***Эл оозунда: «Баарынан жогору турган бийлик – бул адамдын өзүн өзү башкара билүүсү» деген ыймандык ыкыбалдуу сапаттарды данистеген экимет кеп бар.*** Ошондон улам дүйнө таанымы чалкар, чыныгы *улама (философ)* адам гана кандай кырдаалда болбосун, ошол түзүлгөн жагдайга жараша өзүнүн жүрөк тереңиндеги ой-каалгысын даанышмандык менен башкара билип, болуп жаткан окуянын ажытына кыраа баа берип, андан алынуучу сабактарды даана белгилеп, олоң журтка шардана кылып келген. Жер отонунда мына ушундай кажардуу сапаттарга ээ инсандардын уңгусунда *Улуу Ыйман эгеси – Айкөлдүктүн* кудурет касиети пешенесине буюрган, күрдөлдүү таланты менен сөз сарасын жараткан, жумурай журтка анын ибарат нурун тараткан ыкыбалдуу ысымы деңиз тариз доорлор менен жанашкан улутубуздун даанышман уулу Чыңгыз Айтматовдун турганы айгине.

Кайран киши, ошондогу табылган адам сүлдөрүнүн арасынан атасы, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Төрөкул Айтматовдун да жекелик маалыматы аныкталган алалоо курмандыктарынын сөөктөрүн акыреттин жолуна мунаажаттап узатуу таажыясында тээ артта калган жылдардын бүктөмдөрүндөгү: чырпыктайынан чыйралып, мамы болгонго жарап, каар мезгилге кактыгып, кулунчак кезинен ата мээримине чукак өскөн кезинен бери жан дүйнөсүнүн тереңинде керелене бүлүк салып келген айыкпас армандын, өңгөлөр туйгус кайгынын буурул мунарыктуу бороонуна кайыккан аруу ирeңине көлөкө түшүп турса дагы, өзүнүн дүрбөлөңгө алдырган ички туйгусун солк этпей башкара билип, рухий бийик абройлуу кемелинен жазбай, маркумдардын арбагына дөөлөт кондурган сөз айтуу менен элибиздин ушундай кыяматка кайрадан кирептер болбоосуна тилек кылган. Анын: «Бийликти колдон чыгарбоонун эң таш боор ыкмасы болгон Сталиндик репрессиянын геноциди эң оболу элден чыккан билимдүү, өнөрлүү, чынчыл жана калыс эр-азаматтарды жок кылып тынды. Артыбыздан атпай журтубузга арка-бел болууга жарамдуу жаңы муун өсүп келе жатат. Биз бирдиктүү туруп, журт ичиндеги ынтымакты бекем чыңдап, бул алааматтын экинчи кайталанбашына эч качан жол бербешибиз керек…»,- деп айткан сөзү али да жадыбыздан кетпей турат.

Эми ойлоп көрсөк, анын мындай экимет кепти элине шардана кылып айтуусуна: мухиттей көлбөөрүп төнгөн көк асмандын тээ учу-кыйырсыз, каректи карыктырган түпсүз терeңдигинен шыпаалангандай Олуя заадалык акыл-зээнинен эңшерилип чыккан эскертүүсүндөй, данистебей коё албаган ишаарат-аяныңдай сезими себепкер болгондой туюлат. Атаганат, ошондо көпчүлүгүбүз бул айтылган кептин аамыятына анча деле маани бербесек керек. Аттиң, ай! Болбосо, «Мына ушул Ата-Бейитке бийлик азыткысынын Алтандарынан ок жеген эр-азаматтардын сөөгү коюлат беле?» деген ибеп жедирген суроо ал күн, бул күн көөнүбүзгө дүмөк салып келмек эмес!

Элибиздин аалам айдыңында күн кечирген жашоо өңүтүндөгү аң-сезиминде теологиялык түшүнүктөр али орун ала элек кезинен, тээтиги алмустактан бери эле жүрөгү менен каны биргедей, жүлүнү менен жаны биргедей ыйык тутунуп, колдоочусундай карманып келген, пендечилик ажытына зарделүү кубат ыроолоп, булактын көзүн ачкандай адилдиктин башатын көздөй нускоосун ишааратап берген *жол көрсөткүчү (ориентири) – бийик Ыйман касиетинин* зээн-табиятында байыр алгандыгы үчүн калылуу журтубуздун эр-азаматтары омкорулган толкундардай кайрат-күч менен Напси азыткысынын Алтандарынын алдаярдык бийлигине каршы барышып, эки ирет алардын үстөмдүгүн зер-забар кылышты.

*Журт тагдыры үчүн төрөлүшкөн эрендерибиз өздөрүн элине таанытышса, элибизди алар дүйнө коомчулугуна ак эдил, эстүү сабырдуулукту тутунган, ыйманы бийик, көйкашка, ыъкылапчыл улут экенибизди таанытышты.*

***Деген менен, турмуш таразасындагы Напси азыткысынын жана Ыйман***

***баалуулуктарынын ортосундагы эрөөлдө мындай зарделүү кадамдарды жасоо – зээн-табиятында Ыйман баалуулуктарынын бардык экимет тутумдары бийлигин жүргүзгөн, кан-жанында керт башынын амандыгынан элдин ар-намысын жогору койгон, ага бүт өмүрүн, мээнет-күчүн, чыныгы ак кызматын арнаган, «Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин!»,- деп Ата Мекенин коргоого башын сайган, журтунун жыргалчылыгы, бакубат турмушу, келечеги үчүн тегерегине максатташ чоролорду топтогон, бийик сапаттардын жыйындысынан түзүлгон ыйык Ыймандын афсаналуу бейнесинин туу чокусу – бабабыз Манастын Айкөлдүгүндөй; акылына күчтүү эркин эриштире билген, мезгилдерден озо келечекке көз чаптыра алган, алардын күрөө тамырын кармап, өзөгүндө жүргөн, аамыятын аалам билген Чынгыз Айтматовдун кеменгердигиндей феномени бар улуттун гана колунан келмек.***

Ириде, абалтадан бери карай Азия чөлкөмүндөгү түрк тилдүү көчмөн элдерде, асыресе, кыргыз элинде таалим-тарбиянын башатында Ыйман баалуулуктарынын турганын баамдайбыз. Натыйжасында, бийик Ыйман баалуулуктары биздин ырысман элдин дилине, тилине, дилине, маданиятына, жашоо-тиричилигине, өз ара алакасына терең кирип, бекем орногон экен. Калылуу калкыбыздын басып өткөн санжыргалуу жолуна эле байкас салып көрсөк, качан гана Ыйман баалуулуктары өрүшүнөн өрүүн алган учурда, элибиздин жашоо заңытында *Ыймандын элдик тутумдарынын өзөктүүлөрүнөн болгон: адамгерчиликтин, жан дүйнө пакизалыгынын, калыстыктын, кайрымдуулуктун, меймандостуктун, сабырдуулуктун, кечиримдүүлүктүн, урмат-сыйды жайкын абаттоонун* отурук алганын жана алардын негизинде өмүр көчүн байсалдуу улап келгенин көрүүгө болот.

*Мындай жагдай калкыбыздын улуттук менталитетин калыптандырууга чоң өбөлгөсүн түзгөн.* Ушундан улам, Ыйман баалуулуктарына карата көөмөйүмдүн тереңинде жашап келген төмөндөгүдөй бир жеке баамдоомдун натыйжасын ыкыбалдуу журтубуздун акыл-зээн таразасына коюуну ылаазым көрдүм. Ыспаттап айтканда:

***Ыйман – бул адамзат пендесинин нечендеген доорлорду, коомдук түзүлүштөрдү картайткан өмүр жолунда калайык-калктын кыраакы, баамчыл сынынан өтүп, берген баасына татып келген, жашоо-турмушунда, мейли күндөлүк бакырчылык тиричилигинде болсун кездешүүчү бардык көйгөйлөрү менен түйүндүү маселелеринин ак эдил жана арпалбай чечилишин шарттаган;***

***Үй-бүлөлүк, дос-туугандык мамилелерден баштап, эл аралык дүмөктүү да, жайкын да муназага чейинки*** *күрдөлү (бардык, бүткүл)* ***алакаларды жөнгө салууга данакер болгон;***

***адеп-акылактык, жүрүм-турумдук маданияттын бийик нускалуу мурас-салтына, нарктуу насилине, мунаажаттуу ырасмисине негизденген элдик акыл-парасаттын экимет тутумдарында адамдардын зээн-табиятын, кулк-мүнөзүн, дүйнө таанымын, эс тутумун,*** *эстүү сабырдуулугун (толеранттуулугун)*, ***өнөргө, илим-билимге нап койгон шык-жөндөмүн;***

***мекенин коргоого, элин, жерин сүйүүгө, достукта, ынтымакта жашоого, билим алууга, жаратылышты ыйык сактоого, элибиздин эртеңин ойлогон чынчыл, мекенчил уул–кыздарды тарбиялоого болгон рухун;***

***элинин тарыхына, маданиятына, тилине, дилине, динине карата урматтоо сезимин калыптандыруучу жана алардын жан дүйнөсүнүн пакизалыгына, руханий асыл дөөлөттөргө жетишүүсүнө, көмөкөйүнөн чыккан лавизин лаззаттуу айта билүүсүнө өбөлгө түзүүчү, тарбиялык мааниси ыкыбалдуу,*** *наамаланбаган (жазылбаган, китепке түшүрүлбөгөн)* ***бардык уламалуу эрежелердин энциклопедиялык жыйындысынын, ошондой эле элдик педагогикалык акыл тарбиясын берүүчү күрдөлү***

***билимдердин топтомунун (пансофиясынын)[5] руханияттык Башкы Заңыты (Конституциясы).***

Ыйман түшүнүгү туурасындагы бул тыянак айрымдар тарабынан айтылып келген: «Ыйман – бул жалган дүйнөдөгү пенделердин абийирине, адеп-акылагына, акыреттик жүрүм турумуна гана бакат айтылган такыба сөз», - деген маанилик жайыгы чектелген кайсы бир ыңгайдагы көз караштар менен пикирлерге жооп болот деген ниеттемин.

Асыресе, адам заадасы XXI кылымдын астанасын астейдил аттаган, Жер отонунда өмүр кечирген дээрлик күрдөлү журттун акыл-зээни маалыматтык-технологиялык жетишкендиктердин кыйма-чийме желелерине болуп көрбөгөндөй чырмалган азыркы ааламдашуу доорунда, бүгүнкүдөй *өркөниятка (цивилизацияга)* эгедер болгон заманда Материя менен Рухтун эриш-аркактыгын, баарынан мурда Адамдын акылдык, ыйман парасаттык жана адептик табиятын таанып-билүү тутумунун акыл-зээндик жактан жаңы шатыга көтөрүлүшү тарыхый- социалдык турмуш менен руханий-ыймандык, маданий байлыктын танапташ кадуулоо шарттарына, өзгөчөлөктөрүнө жараша натыйжаланып келет.

Арийне, бул багыттагы прогресске жетүү үчүн арпалган аракеттерине ички материалдык мүмкүнчүлүктөрдү чоң таяныч кылып, адам ресурстарын көшөргөндүк менен калыптандыруу аркылуу коомдук маанайды Ыйман жагына өзгөртүүгө, өнүгүүнүн руханий деңгээлин көтөрүүгө арналган омоктуу жагдай түзүлгөндө гана *ошол улуттун атын алып жүргөн өлкөдө Улуттук кайра жаралуу жана руханий жактан кажырлуу дем-күчкө ээ болуу тагдыры бешенеге жазылаары – коомдун байыстуу өнүгүүсүндөгү эволюциялык заңыт* экендиги талашсыз.

Мына бүгүн коомдун байыстуу өнүгүү заңытындагы кудум ушундай мартабалуу чындык – байыркы жазма наамаларда айтылгандай: «Калпагы ууздай аппак, кырк ууз (гуз) элдин кыргыз болуп таанылган» доорунан бери көөдөнүндө жүрөк болуп, ак дилинде түнөк болуп, урпактан урпакка айтылган ата-бабабыздын экимет кеби болуп келген, таалим-тарбиялык мааниси ыкыбалдуу, наамаланбаган бардык уламалуу эрежелердин жыйындысынын, элдик педагогикалык пансофиясынын руханияттык Конституциясы болуп эсептелген *Улуу Ыйман кан-жанында жашаган кыргыз элинин энчисине акыркы жети жылдан бери буюруп, жаңыча жашай турган ак назар ыңгайга түштү*. Чамгарагына Улуттук руханий-ыймандык Кайра жаралуусунун ак шумкары байыр алган кез. Калылуу калкыбыздын көчүнүн сапары байсалдуу уланып, *Уруяттын нуру жанып дилине, \\Куунак болуп мекенинде көңүлү. \\Урпактары умтулушуп билимге,\\Уул-кызына ордо болуп өз үйү*[6]- конушуна үт кирип, казан толо ынак-ынак сүт кирип, абаттанып жаткан учуру.

Албетте, жаңы коомду куруу – жаңы баракты ачуу дегендик. Арийне, адам тетик гана болуп, улуттук дөөлөттөрүнөн обочолонуп келген, тоталитардык түзүлүштүн таасиринен чыга албаган дил безерлердин, тил безерлердин, ыйман безерлердин, жаңы түзүлүштүн ыңгайына көнө албай чайналышкан арабөктөрдүн коомдук аң-сезимине бурулуш жасоо эгемендүүлүктүн жылдарында оңойго турган эмес. Коомдук прогрессти жаратылыш ресурстары эмес, жан дүйнөсү таза, идиректүү адам ресурстары күчтүү өнүккөн өлкөлөрдө гана эреже катары «кадуулоо керемети» жаралып келе жаткандыгы айгине. Ошондон улам, Журт башчыбыздын башкы көңүлдү адамдарыбыздын, асыресе, келечек ээлери болгон өсүп келе жаткан жаңы муунубуздун акыл-зээн табиятындагы мына ушул боштукту толтуруунун – өнүгүүнүн руханий-ыймандык деңгээлин көтөрүүнүн – зарылдыгына бургандыгын күрдөлү журтубуз кубануу жана канааттануу менен тосуп

[5] Пансофия. Пан – акыл-эс, көз караш; София – жашоо-турмуш, чөйрө, коом; же пансофия – акыл тарбиясын берүүчү күрдөлү билимдердин жыйындысы.
[6] Затмир Урмикас (Мирзат Урдавлетов) «Учкуну болгун, урматы болгун кыргыздын!». –Б.: Бийиктик, 2016.

алды. Анткени өлкөсүнүн өнүгүшүнө өзөлөнө күйгөн, убадага бек, калыс жүргөн, ар сөзгө астейдил абай салып, дедил караган, адеби менен, асердүү сүйлөп, арбын тыңдаган, баштаган иши бүтмөйүн мээнетинен талбаган, акыл-зээнин байытуу максатынан жанбаган ыроошан жаңы муунду калыптандырууну, бул үчүн алардын ар биринин рухий-ыймандык, адеп-акылактык маданиятынын иммунитетин көтөрүү зарылдыгын мезгил, коом, доор талап кылып турган.

Ооба, улуу максат гана Теңир буюрган бийик чектерге жетелей алат. Ошондуктан мамлекетибиздин саясатында соңку жылдарда улуттук баалуулуктардын артыкчылыктарына өзгөчө көңүл бурулуп, аларды кемелине келтире өнүктүрүүнүн максаттары Журт башчысынын Жарлыгы менен ар жыл сайын жалпы журтка данистелип, ал боюнча комплекстүү иш-чаралар аныкталуу жолоюунда.Өткөн жылдын «Тарых жана маданият жылы», анын логикалык жактан улантылышын шарттаган үстүбүздөгү жылдын «Ыйман, адеп жана маданият жылы» деп жарыяланышы – анын айныгыс далили.

Албетте, адамдардагы рухий-ыймандык, адеп-акылактык маданияттын иммунитетин көтөрүү, элибиздин басып өткөн жолун, өрнөгүн, бай тарыхын кийинкилерге жеткирүү, тарыхтан үйрөнүп, сыймыктануу сезимине ээ болуу, ал аркылуу келечекке көз жүгүртүүгө дамаалануу жараяны узак мөөнөттү талап кылат. Даанышман инсаныбыз Чыңгыз Айтматовдун экимет кеби менен айтканда: «Адам пендесинин ар убак адам болуусуна» жетишүүсү үчүн «үмүт кургур адам менен тең жашайт турбайбы».

Деген менен, он миңдеген аралыкты жеңүү да алгачкы кадамдан башталат. Ошондон улам, сапарга чыккан адамдын алдында жарым кадам болсо да өз элинин өткөндөгүсүн, Улуу Ыйман баалуулуктарынын шооратын данистеп, максатына алып баруучу жолуна алоо нурун чачып, жарык берген *шаманадай (факелдей)* даанышман акылмандыгы убарлашындай жылоолоп, коштоп жүрөт экен. Кайсы жерде, качан сапарга чыкпасын өз элинин акылман, мээримдүү жоодур көз карашы, жүрөгүнөн чыккан ысык илеби жетип, коргоп турат тура. Анткени биздин мына ушул улуу максаттуу сапарыбызга иркектеш болсун деп байыркы баатыр бабаларыбыз жүрөктүн оту, билектин күчү, көк найзанын учу, кылычтын өткүр мизи, кажыбыс кайраты, майтарылбас эрдиги менен бизге – урпактарына АТА МЕКЕНДИ, УЛУУ ТАРЫХТЫ, ТАЗА ЫЙМАНДЫ, НУСКАЛУУ КААДА-САЛТТЫ, КЕРЕМЕТ ӨНӨРДҮ, ӨЛБӨС РУХТУ мурастаганына таазим кылуу менен сыймыктана алабыз!

## Сапарыбыз – алыс, кадамыбыз – кадик

***«Ата-бабаңдын атактуу экенин айтып гана койбой, мактануу да керек. Аларды сыйлабоо – уят келтирээрлик наадандык»,- деп айткан А.С.Пушкиндин экимет кеби бар. Өткөн 2016–«Тарых жана маданият жылында» жылдары картайып, кылымдары көөнөргөн, кеч күздө кыркаар тизилип учкан каркыралардай караандарын эбак үзгөн ошол доорлордун түпкүрүнөн наама жазууларынын ариптери күңүрт жүлгөлөнүп, улам калкып чыгып жаткан, ааламга жарык изин таштап, агып учкан жылдыз сымал ыкыбалдуу бир кездегибиз туурасындагы маалыматтары аркылуу журтубуз өзүнүн тээ байтак доорлордо эле мамлекеттүүлүгү бар калктан болгондугун, басып өткөн жолунда оомат дүйнө ойдогудай бир болбой бирде чачылып, кайра айсал-буйсал баш-учту жыя бир муштумга биригишип, бирде арыгы жок аккан суудай нугун издеп бурулуп, кайра улуу кубанычтардын унутулгус нурларына бөлөнүп, окто-текте зээри басая кайгырып, кайра жылдызы жана кубанып келген бирден-бир эпикалык ой жүгүртүүсү бар байыркы элдерден экендигин тастыктаган иш-чара өткөрүп, дүйнө коомчулугун шүйшүнтүүгө жетишти.***

Калкыбыз өзүнүн көчүнүн байсалдуу кадуулоосуна, түбөлүк жашоосуна түркүк болууга жараган инсандарынын, кыйынчылыктарда кайратын кайрап, айбатын бүлөгөн, намыс-арын алдыга сүрөгөн кол башчыларынын, афсаналуу баатырларынын, душманын басынтып сүйлөбөй, багынтып сүйлөгөн, уламалуу сөзү Урумдан ашкан даанышман

ойчулдарынын санжыргалуу басып өткөн жолунан, улутубуздун уркунун тек-жайы тереңге кеткен өткөндөгүсүнөн, Улуу журттун намысындай, ак шумкардын дабышындай ибарат өрнөгүнөн итабар илхам алып, зээн-табиятында өрүүн алган руханий боштукту алардын кылымдар катмарынан өтүп бизге жеткен майин нурларына аруулап чайкатып, кушубактанып сергиди.

Ооба, биздин ай-чабытыбыз канчалык калкагар, ой-өрүшүбүз канчалык мейкин болбосун, сөз менен сөздүн ар бир сабынын, жүрөк менен жүрөктүн ар бир кагышынын ортосунда кут даарыган эшигинен бейиши көрүнгөн Мекенибизге, дилинде улуулук менен жөнөкөйлүк, акылмандык менен аруулук убарлаш жашаган элибизге табынып жашоо абалтан берки наркыбыз. Ириде, ата-бабабыздын көөнөргүс көрктөй, түгөнбөс-кебелбес кенчтей келбетинде бизге чейин жеткирген руханий-ыймандык, маданий, адеп-акылактык мурастарына карата ак назар сезимибизди лазаттуу лавизге салып сөөлөттөнө бербей, дүйнө элдеринин эбедейин олоң жеткис эбилтип, алардын көз алдына ошол көчмөндүк доорлордон берки ата мурас апторой каада-салтыбыздын, маданиятыбыздын ыкыбалдуу баалуулуктарын жан дүйнөбүздүн туурунда бапестеп келген жагоодой желбирете элестүү шааниде тартуулап, ибараттуу ыроологон өбүлгөбүз – касиеттүү Ысык-Көлүбүздүн керемет Кырчын жайлоосунун төрүндө, Чолпон-Ата шаарындагы заманбап табитте курулган ат майданында ааламдын алтымыштан ашык өлкөсүнөн келип катышкан ***Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын экинчи ирет өткөрүлүшү 2016– «Тарых жана маданият жылынын» ажытын ачкан, эгемен элибиздин энчисине айланган кыргыз рухунун кылымдык окуясынан болуп калды.***

Бул мамлекеттер арасындагы достукту чыңдоонун, өз ара карым-катнашын жакындатуунун, элдердин бирин-бири кадырлоосун бекемдөөнүн дипломатиялык эң мыкты өрнөгү болуп калган *Бүткүл дүйнөлүк жайыктагы көчмөндөр оюндарында нарк-насили абалкы улутубуз* өзүнүн ата мурасын ыйыгындай кастарлоого, аларды өркүндөтүп-өөрчүтүп өмүр көчүн улоого жана анын салтанат байрагынын шарапаттуу илебин ашыркы журттарга чейин адеми жеткирүүгө *жөндөмдүү байыркы эл экенибизди баптуу көрсөтө алды.*

***Бул бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында*** элибиздин эзелкисин эске салып, эбедейге жайнак сүр берип, жүрөктөрдү ээлеген, кулактын курчун кандырып, сезим отун жандырган, абалкы журтубуздун ой-санаасын, кубанычын, курч кайратын, майтарылбас эркин аяндаган, келечектен үмүт козгоп, ак тилегин баяндаган, көөдөнүнөн оргуштап кайнап чыккан, ак шумкар болуп асманда шаңшып учкан шарапаттуу жан-дүйнө добушу – атактуу Атайдын «Маш ботою» аркылуу калылуу калкыбыздын руханий тагдырында биринчи ирет миң комузчунун чебер чертүүсүндө миң жүрөктүн миң кайрыктуу толкунундай жүрүш салып, ***аалам айдыңында акыл-зээндерге ыйман кондуруп, үкүнүн саңоорундай үлбүрөгөн ички туйгуларды аруулап чайкап, кушубактантып сергиткен кыргыздын өлбөс-өчпөс руху салтанаттуу жаңырды.***

Кыргыз күүсү – ушул күнү тээ алыскы доорлордогу көчмөн турмушунда кээде жер ооштуруп, бирде түбөлүктүү тууру кылып, очогунда от жанып, мамырлаган эски журттарынын обосунан – *Ала асканын (Алясканын), Кемчет (Камчат)* жарым аралынын борчуктуу адыр-түздөрүнөн тартып, Энесайдын миң өзөндүү жылгаларынан жүлгөлөнүп агып түшкөн *миң суулуу (Минусинск)* өрөөндөрүнүн, асмандын бир канатын тиреп турган ууктардай болгон аска-зоолорунун узун деге, көк сүңгүдөй элес бергендиги үчүн жоого каршы карал болгон куралы – найзанын байыркы дагы бир түрү– сүңгү деген аталышты алып калган *Сунга (Сүңгү)* тоолорунун, көк майсаңдуу *Шибердин (Сибирдин)* күн желесин туйбаган токойлорунун, жашыл көрпө жамынган Алтайдын абалкы *Үч-Сеңир (Учсумер),* баа жеткис дары чөптөрдөн *мамыры гүлү* дагы көп, көк мелжиген *Улуу Памир (Мамыр)* тоолорунун, *бадага шана* (жайлуу) жер *Бадакшандын, жергелеп* (сап-сап тизилип) *өскөн талы көп Жерге-Талдын* үстүнөн шоораттуу арген добушун салтанаттуу жаңыртып,

кылымдар кыйырында бирде дымып, бирде дилиндеги бугун айтып, черин жаза албай келген абалынан силкине ойгонуп, жан-денине эргүү кудурети кирип, шаңшыган комуз кайрыктарына өзүнүн көңүл тереңинде жаткан лавизиндеги кусалык ыргактарын кошуп, бийик көкөлөгөндөй болду; Борбордук Азиянын учу кыйыры жок ай-талааларындай кенен агымда жайылып, көйкөлө жаңырды белем, чиркин!

Бул күнү ободо коңур добушу уламдан улам чыйралып, шаңдуу чыккан кыргыз күүсү улутубуздун жан дүйнөсүндөгү жалын менен аруу ыйманга бөлөнгөн афсаналуу рухунун чексиз мээримин даңазалады. Кыргыздын бул күүсүн тыңдап турган аалам элин таң калтырып, жакасын карматты. Кыргыз күүсүнүн – улутубуздун өлбөс-өчпөс рухунун – алтын күкүмдүү учкундары азыр дагы оболоп жүргөндөй, дүйнө эли күүнүн сыйкырдуу добушуна дагы эле таасирленип, кунт коё тыңшагандай сезим калтырат…

***Бул Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында*** салмагы сайдын ташындай бөрүнүн кебин шибелей такымына кыскан тейинче, минген атын ээликтирип, топтон суурулуп чыкканга, куюн болуп учканга денин дем-күч менен дүмбөлөп, дымак берген, бир энеден жаралган, тобокелдик менен эрдикти канына дүргүтө ойноткон *кыргыз эрендеринин абалкы «Көк бөрү» оюну дүйнө элинин кызыгуусун жаратып, назарын бурду.*

*«Көк бөрү» оюнунун өбүлгөчүсү»* таажысы үчүн болгон ат салышууларда караламан күйөрман журттун сүрөөндөрү толкуган асман астында эр-жигиттер бирде элкин аңды талашкан эки бүркүт сыңары бири бирине сес көрсөтө айкырышып, аянышпай сүр күтүшө кыйкырышып, бирде арстан айбатка салып аркырашып, тырмак астынан кан чыкканча тартышышып, аргымактары менен жер сабап, жан уруп, мерчемдеги баттанын оозун көздөй ат коюшуп таймашышты.

Бул эр-жигиттик оюндун жүрүшүндө кыргыздардын карт тарыхта изи калган: Египеттин учу-кыйыры жок, кургаган шилекейдей аңкаган биябан чөлдөрүндө, байыркы доор менен азыркы доор жанаша жашаган улуу Ындыстандын, абаттанган Европанын, Түркиянын, Кытайдын шаарлары менен Моңголстандын талаа-түздүктөрүнүн бетинде адабаттуу душмандарын сүрө кууп бараткандагы аргымактарынын сүрдүү дүбүртү угулгандай болду. Жоого каршы аттанганда кара туман, калың чаң асман бетин, күндүн көзүн жаап калган Чоң казаттардагы кармаштарда кайра тартпас сырттандыгы бар, калабаларды каармандык менен жеңе билген, журт намысын ылаачындай эңе билген, кайратын эч качан жандырбаган, эли-жерин эч кимге алдырбаган байыркы көчмөн журтубуздун баатырларынын күрдөөлдүү тирүү руху көкбөрүчү эрендердин калча жүздөрүнөн даана байкалып турду. Ата-бабаларыбыздын күжүрмөн шаманасы бүгүн калайык-калкыбыздын «жылкыдан тандап буудан минген, жылаажындай үн менен күлгөн, бүркүтчө тиктеп, сырттандан бетер жүргөн»[7] ар-намыстуу урпактарынын колунда экендиги дүйнө элдеринин абайына илинди.

***Бул Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында*** Чолпон-Ата шаарындагы ат майданында сапка сыйбай тизилип, тыбырчылап жер чапчыган, көөдөндөрү кең, соорулары жайылган, курсактары кынжыйган, чаткаягы чаткалдай, бууракандаган албуут дымак дулдулдай аргымактарынын үстүндө жылаң баштарына бир байламдан жоолукту чарт түйгөн чабандестер тизгиндерди тутам кармап, жулка тартып турушту. «Казганактаган калың элдин алдына ак сакалдуу карыя суурулуп чыгып, алаканын сапка тизилген чабандестер тарапка жайды. «Оомийин!» деген күчтүү бата сөз абай салып турган калың элдин бу четинен, тиги четине дуу этти да, жүздөгөн кол бет сылап, сакалга аккан суудай төгүлдү»[8].

*Кыргыздар миллиондогон телекөрүүчүлөргө* жылкы жаныбарын бапестеп баккан, эр жигитке канат бүтүрүп жаккан, аргымактын жалын тарап, омуросун сынаакы таптап,

[7] Жантөшев К. Каныбек. 1-т. –Ф.: Кыргызстан, 1982.
[8] Айтматов Ч. Гүлсарат. -Ф.: Кыргызстан, 1982. 67 б.

ааламан байгеге салып жаткан *Толубайдай саяпкери көп, буудан жандуу, аттын кулагы менен тең ойногон чабандестери төп байыркы көчмөн эл экени билинди.*

Манас бабабыздын доорунан бери ууга чыгып, анын ургаалына батуунун уруттуу түрү салбуурун да дүйнө көрүүчүлөрүнүн көңүлүн бурду. Европа өлкөлөрүндөгү калктын каймагы болгон ак сөөктөрдүн чөйрөсүндө «Пашаалык аңчылык» (Царская охота) деген аталышты алып келген: бейкаруу кайбергендерди айдактап ийрип, аткылашып кумарга баткан, чер жазып, эс алуу шаанисинен кыргыз салбууруну асман менен жердей айырмасы бар экенин, анын байыркылыгын, көчмөн турмуштун зарылчылыктарына ылайыкташтырылып пайдаланылгандыгын айгинеледи.

*Салбуурундун абалкы максаты* – эки ай, үч ай жоголуп, тоо аралап, талаа-түзгө түнөп жер кезип, колуна мээлей кийип куш олтургузуп, бүркүтүнүн чеңгелине боо тагып, тайгандын алгырын айдактап алдына салып, салбуурундап жол чалуу болгон. Бабалардан калган салбуурун *кыргыз элинде капилет келүүчү жоонун жолун тороп чалгындоону көздөөдөн улам келип чыкканы*, мында аны ошондой эле өзүлөрүнүн жашоо-тиричилигине керектелүүчү сүлөөсүн менен илбирсти, не бир жырткыч айбанды тутуу үчүн пайдалангандыгы, ал үчүн жыркычтарга кыраандай тийип каптаган бүркүттүн түрлөрүнөн баштап, балапан кезинен шаңшыган *алгыр куштун шумкарын тандап таптаган мүнүшкөрдүк чеберчилиги*, тайган үйрөтүп баптаган алпейимдиги коштоп жүргөндүгү караламан ашыркы журттун абайлуу назарынан түнөк тапты.

***Бул бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында*** кыргыз эли ошондой эле ааламга жарыгын тегиз чачкан күндүн, адамзатка жашоо берген мүрөктөй акак суунун, озондуу таза абанын айкалышындай өзү мекендеген Ата-Журтунун жаратылышы менен анда тиричилигин өткөргөн жан-жаныбарлардын, кайкып учкан канаттуулардын ажырагыс байланышынын түбөлүктүүлүгүн кыраа баалаган, анын өбөлгөсүн турмуш-тиричилигинде билеселүү пайдаланып келген байыркы калк экендигин далилдеп берди.

Элибиздин бул сапатынан Жер отонундагы көптөгөн өлкөлөрдө жер сыйпалагандай жоголуунун мүшкүлүн каттаган кара тизмелүү китепке кирген, Ала-Тоо жергебизде гана аздектелип сакталып келген калдайган карааны бар бүркүттөрдүн алтымыш беш түрүнө өз-өзүнчө атын койюп, алардын ичинен жыйырмасын колго үйрөтүп, жыркычтарды алдырган: тепкени жазбас тынарды, куш кыраань ылаачынды, учканы соккон шамалдай алты түрдүү шумкарды колуна үйүр алдырып кондурган *абалтадан бери саятчы, мүнүшкөр*, көп кыраандын ичинен элибиздин ак пейилин билгизген ак шумкарды аздектеп мамлекеттин *энмөөрүнө (гербине)* элестүү тартып киргизген байыркы да, келечектүү да кыргыз бар экенин билгизди.

***Бул Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында*** ааламдын олоң журту байыркы көчмөн кыргыздын улуттук ата-баба наркы болгон: каада-салттарынын, ырым-жырымдарынын, расмий жөрөлгөлөрүнүн, бакырчылык турмушунда карманган адаттарынын мазмундук *туруш-турман табиятында,* ошолор менен тизгиндеш ала жүргөн улуттук маданиятынын санжыргалуу көркөм наар өнөр-шыгын түзгөн: ашула айтып, аргыч кылган *таланттуу жан дүйнөсүндө* ыймандуулукка тарбиялоонун соолгус башатынын, өлбөс-өчпөс көөнө рухунун өрүүн алып келгенине күбө болушту.

***Хан көтөрүү расмий жөрөлгөсүндө*** калкым деп этегин төшөк, жеңин жаздык кылган, сыйына турган жеринин, сыйлай турган элинин ар-намысын туудай кармап, келечегин тутам мелжеген, аброй ташы өйдө кулаган, ата-бабабыздын бийик осуяттарын кыраа улаган, ал аркылуу мартабасы жогорулап, эл сураган эр-азаматын Журт башчылыгына тандаган шайлоо жараяны көрүүчүнүн көз алдына ыспатталып, элестүү данистелди. *Калайык калкыбыз байыртадан бери эле өзүнүн мамлекеттүүлүгүндө демократиялык тутумдарды ыкыбалдуу карманып келгендигин шардана кылды.*

Тээ алмустактан бери бүгүнкү күнгө чейин чып-чыргасы коробой, кайра мезгил агымына, заман таламына жараша улам жаңы табылгалар менен каркытталып келе жаткан: кыз адеби, уул адеби, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо адеби, меймандостук

адеби, кыз-узатуу, кыз-күйөө адеби, келин адеби сыяктуу ж.б. *улуттук каада-салттардан*, боз үй тигүү, аны кайра чечүү *чеберчиликтеринен*, жаңы журтка көчүү, жаңы конушту өрүлүктөө өңдөнгөн ж.б. *жөрөлгө-ырасмилеринен* ыймандуулукка ширелген кайталангыс кыргыз зээн-табитин, ошону менен катарлаш: отурган турганы билинбеген, басса аягы жерге илинбеген, акылы терең, жамактап ырдоого сөздөрү белен, олоң чачы согончокко төгүлгөн, кулун сындуу, кумар көздүү кыз-келиндердин, азилкеч жигиттердин жар-жар салып ашула айткан, шаңдуу күүнү коштоп аргыч кылган *ыр-бийлеринен*, акындардын айтышынан, дилдеги сырын дилдедей чачкан *сармерденинен* журтубуздун көрөңгөлүү узак жол баскан өмүрүн, көтөрүнкү көңүлүн көрүүгө болоор эле.

***Кыргыз эли*** бардык улуттук наркында, жашоо шарттарындагы турмуштук эрежелеринде ыйманды кандай бийик тутуп, ардактап келатышканын Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын жүрүшүндө айкын көргөзүп, аалам элдерине азыркы ***адамзат руханий дүйнөсүнүн өнүгүшүнө өзүнүн салымын кошо билерин, бул багытта улуттар аралык көпүрө болууга чама-чаркы жетерин ачыктады***.

***Бул Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында*** кыргыз эли меймандарды кадырлап тосуп алуу, аларды заманга бап келтире жайгаштыруу ырасмилерин шаанилүү уюштура билген, жердеген жергесинин экологиясын аруу сактап, табигый кооз келбетин аспиет урунуп келген, *ыроошан жан дүйнөлүү, байыркы көчмөн өркөнияты бар ырысман улут экендигин дүйнө коомчулугуна ырастап берди*.

Өткөн «Тарых жана маданият жылынан» бери адамдардын руханий- ыймандык иммунитетин көтөрүү максатында Журт башчыбыздын өлкөнүн атуулдук жана социалдык-маданий потенциалдарын өнүктүрүүнү мамлекеттик саясаттагы өзөктүү маселеге айландырганы өз натыйжаларын бере баштады. Ал Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүүгө карата көрүлгөн жалпы элдик камылгадан жана ага алардын жигерденип катышуусунан айкын көрүндү. Жарандарыбыз шыктанышып, бири-бирин колдоого алышып, бирине-бири руханий жактан өбөк-жөлөк болушуп, ортосундагы жылуу мамиле өөрчүдү. Мында жумуриятыбыздын атуулдарынын ушундай руханий жактан дем-күч берген жараянга аңкап турганы байкалды. Алардын мекенчилдик менен ширелишкен ар бир адамдын жалпы жана жеке тагдырына, кубанычтары менен ийгиликтерине, өнөрүн өргө айдаган жөндөмүнө карата тагдырлаштык сезими ойгонду.

Кыргыз элинде өзөгүндө бийик ыйман сапаттарынан турган, байтак доорлордон бери муундан муунга элдик ыйык таберик катары өз барк-баасында келе жаткан, журтубуздун менталитетине өзгөчө мүнөздүү демократиялык тутумдагы дагы бир негиздеме бар. *Ал –кара кылды как жарган калыс пикир – элдин берген баасы.*

Ушул өңүттөн алып айтсак, Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын катышуучусу, колунан көөрү төгүлгөн чебер уз ак элечекчен бир апанын телекөрүүчүлөргө берген *суббатында (интервьюсунда)*: «Биз ушул «Тарых жана маданият жылы» жана мына бул Көчмөндөр оюндарынан өзүбүздүн ким экенибизди терең таануу, сыймыктаануу сезимине ээ болдук…»,- деген экимет кеби жүрөктөргө жалын болуп орной түшкөн элдин берген баасы катары угулду.

***«Бешик терметкен эне колу – дүйнө бейпилчилигин да аруу тилегинин бешигинде терметкени» деген дагы экимет кеп бар.*** Ооба, бул алды жумшак болсун деп, мамык олпокко бөлөнгөн наристесинин жанында олтуруп, аруу дилинде жаткан ыйманы ысык сезимин обонго салып созгон бешик ырын эмчек сүтү аркылуу ак бөпөсүнүн кан-жанына сиңдирген жалпы кыргыз Умай энелердин атынан да айтылган сөздөй таасир калтырды. Ошол үчүн наристесинин аппак дептердей ачыла элек дилин пакиза кезинен Улуу Ыйман баалуулуктарына аруулап чайкаган Умай апанын орошон осуяттуу байыртан берки бешик ыры – кыргыздын ар бир уул-кызынын зээн-табиятына пашаалык кылуучу күрдөлү сезимдердин да алтын бешиги болуп кызмат кылуусун уланта бермекчи. Ал ошондой эле алардын чарчаганда башына жөлөөр жаздыгы, ушул

жарыкчылыкта изги тилектерин илгерлетүүгө идирек берген канаттуу бууданы, суусаганда чаңкоосун кандырган мөлтүр булагынын башаты; уул-кыздын рухун жылыткан, ошол жылуулугун өмүр бою тартуулоочу куттуу очогу да болуп саналат.

Ушундан улам, учурда биз: «Жумуриятыбызда элибиздин Улуттук руханий-ыймандык Кайра жаралуусуна ишенимдүү да, ийкемдүү да кадамдар жасалды; коомдук маанайды Ыйман жагына өзгөртүүгө, өнүгүнүн руханий, эстутумдук деңгээлин көтөрүүгө, өткөндөгүсүн терең үйрөнүп, аны менен сыймыктануу сезимин калыптандырууга омоктуу жагдай түзүлдү. Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары жаңы кыргыз коомун түзүүгө бекем пайдубалыбыздын бар экендигин ырастады»,- деп батыл айта алабыз.

*Асыресе, бул ошондой эле бүгүн өлкөбүздө алмустактан бери ата-бабаларыбыздын акыл-зээнинде убакытка да, өнүгүү деңгээлине, коомдук түзүлүштөрүнө да, андагы бардык байкөбөк заңыттарга да баш ийип өзгөрүлбөгөн, дилден дилге өтүп келе жаткан, таалим-тарбиялык мааниси ыкыбалдуу, наамаланбаган күрдөлү эрежелеринин жыйындысынын, элдик педагогикалык пансофиясынын Конституциясы (Башкы Заңыты) болуп саналган, Улуу Ыйман баалулуктарына ширелген* ***Улуттук руханияттын (идеологиянын***) *пайдубалынын негизделгенин да айгинеледи*.

Кылымдар сабалап өтсө дагы, бүгүн Айкөл Манас бабабыздын сары алтындай уюган, Улуу Ыйманга каныккан санжыргалуу нускаларынын журтубузду алга сүрөгөндүгү; ой жүгүртүүсү улуттук алкактан чыгып, жалпы адамзаттык, дүйнөлүк маселелерди көтөрүүгө чейин жеткен доорубуздун Айкөл уулу Чыңгыз Айтматовдун күрдөөлдүү чыгармаларындагы айтылган орошон бийик осуяттардын дүйнө кезип, окумал журттардын жүрөктөрүнөн түнөк таап жаткандыгы – *Кыргыз улуту – Ыйман угуту* экендигин аяндап тургандай сезимге кабылтат.

Мына бүгүн жогорудагыдай улуу Айкөлдөрдү тарыхка тартуулаган, ой жүгүртүүсү чалкар, тектик кудурети күчтүү, келбетине келишимдүү көрк берген улуттук саркеч кийими, келечек сересине карай кадик максаттары, зарделүү кайрат-деми, орошон ой-тилеги, парасаттуу акыл-зээни бар байыркы кыргыз эли Мамлекеттүүлүгүнүн (соңку илимий тактоолорго ылайык) 9000 жылдан ашуун тарыхында, XX кылымдын соңунда Эгемендүү мамлекеттүүлүгүнүн байрагын кайрадан өз алдынча уруят желбиретип, дүйнө элдеринин назарына барааны менен илинген кези.

Учурда элибиз дүйнөлүк өркөнияттын тизгинин дымактуу кармашкан өлкөлөрдүн катарында ыклас жандыра бет алдына кыраа абай салып, узак сапарга камылгалуу аттанган жолоочу тариз аргымагынын куюшканын узартып, жал-көкүлүн кынаптап шүйүп, чап олоңун санжаптап тагып, мукуяттап кош басмайыл тартып, ээрге дадил отуруп, убарлаш-сапарлаштары менен үзөңгү кагыштыра бастыруунун жолоюнда.

Сапарга чыккан уулуна ар бир ата-эне ак тилегин айтат. Мына ушул жерден улутубуздун улуу Айкөл инсаны Чыңгыз Айтматов өзүнүн аалам айдыңындагы чыгармачылык пешенесин ачкан жаш кезинин шедеври, колуна бир тийген асыл заты – «Жамийласына» Сейиттин сөзү менен айткан каалоо-тилегин элибиздин дарегине да ошондо эле кайыптан кабар бергендей болуп арнап айтып койгондой туюлат. Анын бул: «Биздин Жерде кең талаалар, ачык мейкиндиктер, жолдор көп. *Жаңы мезгилде жаңы турмуш* куруу үчүн аттандың, *элим!* Башыңды бийик көтөрүп, кылчайбай, тайманбай өзүң көздөгөн максатың – кең мейкиндикти өздөштүрүүгө болгон дымагың менен ишенимдүү кете бер!

Же чарчаган күндөрүң болобу, же өз күчүңө ишенбей, күмөн санаган учурларың болобу, *жаным элим?* Эгерде андай болсо, алсыздыкка берилбей, *Умай энебиздин ак сүтүн ийитип, кан-жаныңа улуу Ыйманга ширеп кудуреттүү наар берген бешик ырынан азыктанган* майтарылбас рухунду карал кыл! *Элим менин,* сенин жолуң таалай жолу, андан күмөн санаба!

Анда сапарың ачык болсун!»[9]- деген тариздеги ой салтанаты элибизге жол көрсөтүп, алоолоп жанган шамана сымал жарыгын чачып турарында шек жок.

Калкым менин, сапарыңдагы ар бир таштаган кадамыңда, ар бир изги тилегиңде ата-бабабыздын экимет осуят кеби, Умай энебиздин мээримдүү жүрөк оту түбөлүккө жылоолош болсун!

Эмесе, ак жол сага, касиеттүү элим!

**Эсен Мамытканов,**
**Кыргыз Республикасынын элге билим**
**берүүсүнүн отличниги, эмгектин ардагери.**

**P.S: Автордон:** макалада пайдаланылган айрым сөздөргө берилген түшүндүрмөнү улай окусаңыздар болот.

**Элим жана эне тилим – ыйыктарым, сүйгөнүм,**
**Экөөңөрдү алмашпаймын жыргалына дүйнөнүн!**[10]

***же эне тилине эгесиндей табынгандар үчүн:***

арген – жагымдуу, уккулуктуу
ажына – каардуу рух
алеңгир чуу – тополоңдуу ызы-чуу
алеңгир – талкалоо, кыйратуу
алдаярдык башкаруу – жеке бийлөөчүлүк
азар түмөн – сан жетпеген, өтө көп
арпалган – түйшүк тарткан
асердүү – купулга толгон
ашыркы журт – алыскы, чоочун, бөтөн журт, өлкө
абаттанган – отурукташкан, шаар болуп ыңгайлашкан
ашула айтуу – маңдай-тескей ыр ырдоо
аргыч кылуу – шаңдуу күү коштоп бий бийлөө
алмустактан бери – эң байыркы убактан бери
алпейим – токтоо, сабырдуу, ачык, жайдары
афсаналуу –легендага айланган
аамыяттуу – маанилүү, белгилүү, таанымал
асасий – негизги
айсал-буйсал – тез арада, көз ирмемде
ажыт – турум-турпат, келбет
андаалата – бөлүп-жара, чакчелекейге сала
адабаттуу – кас, ниети жаман, котур ташы койнунда, душман
алтан – туу көтөрүп жүрүүчү
ак олпок – согушка кийүүчү аскердик зоот
апторой – бардык, бүткүл
байтак - өткөн бир учурда, илгерки, эбаккы
байтакты калаа – борбор калаа
баптуу – этиятталып, ойдогудай жасалган
биябан – суу жетпеген какыр талаа, чөл
билеселүү – окумал, билүү чөйрөсү кең
байкөбөк – таасири жок, ийкемсиз, жарамсыз
беден – дене
бурадар – дос, ниеттеш адам, букара
бакат – абыдан, айрыкча бир, бир гана

[9] Айтматов Ч. Жамийла. -Ф.: Кыргызстан, 1982. I-т., 252-б.
[10] Затмир Урмикас (Мирзат Урдавлетов) «Учкуну болгун, урматы болгун кыргыздын!». -Б.: Бийиктик, 2016. 129-б.

байыстуу – токтоо, нускалуу, орундуу
бейле – кунт коёо билүү
бакылдык – тиричиликтик, чарбачылык
бейпешене – жүзү кара
барбаана – өлүмгө адилеттик үчүн өз эрки менен баруунун жана эл жерин сүйүүнүн символу болгон куштун аталышы
дүмбөлөө – кубаттандыруу, кубат берүү
дарра – адамды жазалоо үчүн колдонулган жоон өрүлгөн камчы
дүмөк салган – коога алып келген, коркунуч туудурган
дедил – ыкыластуу, ишкер, күч-кубаттуу
дадил – сергек, чапчаң, кубаттанган
дамаалануу – көшөрө умтулуу
даркан – ардактуу, даңктуу, устат, белгилүү, кадырлуу
данискер – караламан калкка жеткирүүчү, таркатуучу
жесек – отряд, коргоп тегеректеп жүрүүчү куралчан топ
жазайылдуу – капсалаңдуу, жан кейиткен, бактысыздык алып келген
жезит – ырайымсыз, жүзүкара (Халиф Аалынын уулу Хусейнди өлтүргөн Омейяддын экинчи халифинин аты)
жуйкур – эки жүздүү, алдамчы, интриган, сымаптый куюлган
жайкын – тынчтыкта, ээн эркин
жайнак сүр – бүркүт сүр
жаангер – ааламды багындыруучу, дүйнөнүн башкаруучусу
зампарбай – шалаакы
забын –өлүмгө күнөөкөр
заңыт – мыйзам
зер-забар – тамтыракайын чыгаруу, ташын талкан кылуу
зарде – күч-кубат, тайманбас, эр-жүрөк, шамдагай
зайпана – жеңил ойлуу, өз үнү жок
зээри басайып –шалдайып, маанай пас
ибеп жедирген – түйшүк алып келген, капаландырган
иркектеш – максатташ, пикирлеш, алакалаш
ибараттуу – нускалуу, нарк-даректүү, таалим-тарбиялуу, үлгү болуучу
көөнө – байыркы
керет сөрөй – акылдуусунган, билерман болуп көрүнгүсү келген
керет – 1. акыл-эс, 2. жакшылыктын жышаанын көрө билүүчү
кайсоорунга келтирбей – оңой-олтоң, ай-буйга келтирбей
кыса – өч, кек
кажардуу – күчтүү, кубаттуу
кажырлуу – чечкиндүү, эрктүү, бышык
кереленип – маңызданып, бир эле сөздү улам кайталап сүйлөп
кемел – маани, туруш-турман
күрдөлү – бардык, бүткүл
кусаматтуу – кас, өч, кекчил
карал – тирек, өбөк-жөбөк, үмүт
калылуу журт – көз карандысыз, баш ийбеген журт
каркытталып келген – ыйык тутулуп, кастарланып келген
кыбаачы – акылгөй
кадик – тажрыйбалуу, баамчыл, ишенимдүү
калкагар – аскалуу тоодой бийик
күрдөөлдүү чыгарма – маанилүү чыгарма
кан талоонду салуу – массалык талап тоноочулук

кадуулоо - өргө багыт алуу
калча ыраң – сүрдүү ирең, сүрсөөлөт
лавиз – сөз, ойдун айтылышы
лаззаттуу – жагымдуу
муназа – макулдашуу, жарашуу
мажара – баштан кечирген, болуп өткөн
мунаажат – кудайга жалынуу, сыйынуу
мамырлашып – бейпилчиликте, бейкам, балжуурандашып
майин – назик, үлбүрөк, жумшак
мукуяттап – бышыктап
ноода – чырпык, солкулдаган чыбык
наама – китеп, ыйык китеп, жазылган чыгарма
найынсап – найэсеп, наадан, абийирсиз
набыт – курман болгон, жок кылынган
олоң чач – аялзатынын жакшы өрүлгөн узун чачы
олоң журт – караламан журт, көп сандаган эл
отон – Мекен, Ата Журт
окто-текте – анда-санда, кез-кезде
окто-сокто – кээде, мезгил-мезгили менен
өбүлгө – белек, тартуу, сыйлык
огожо – түрткү, себепкер
Олуя заада – акылман, көрөсөн
распаасын чыгаруу – майкандап салуу
ракымы жок – ырайымы жок, ниети чаппаган
сөз сарасы – сөздүн төрөсү, сөздүн эң мыктысы, тандамалы
саятчы – куш тутуучу, кушту таптоочу, үйрөтүүчү
собогөй – алдын ала айтуучу, даанышман, шыпаалуу
санжыргалуу - өрнөктүү, кадыр барктуу
пири тирүү жер – молчулуктуу, ыңгайлуу жер
тогонок-өбөктүк – жөлөк-таяк болуучулук
таажыя – аза күтүү расмиси, сыйнаты
такыба сөз – белгилүү бир эреженин алкагынан чыкпаган сөз
туйгун жаткан – бейкапар жаткан
төрткүл – байыркы калк жашаган шаардын, кыштактын, чептин, сепилдин урандылары
ургаалына батуу – чымыркануу
убайрам – ойрон кылуу
убаажы – себеп, шылтоо
уруят калк – эркиндикке ээ калк
убарлаш – чыныгы, жакын, жанаша, тизгиндеш дос
уламалуу – акылман, даанышман
устаз – насаатчы, устат, мугалим
улама – көптү билген, акылман кептерди жадында бекем сактаган адам
Урумдан ашкан – даанышмандык даарыган
урумдаган – укум-тукуму көбөйгөн
үшкүлөө - түрткүлөө, тешүү, сайгылоо
үдөөсүнө чыгуу – чегине жеткире аткаруу, биротоло жетүү
чекер – кызматчы, малай
чежире – санжыра, уламыш
чайлаган – быгыган, тамыры тереңге кеткен, дүркүрөп өскөн
чая болгон – ташыркаган, жадаган, жүдөгөн

чалдыбар – эски уранды, тамтыгы жок

чукак өскөн – жетишсиз, кемчил



чалкак – жайкалган

чалкар – залкар, айкөл, берешен, ак көңүл

шибээлеп – бепчырмаштыра түйүндөп бекем, капшыра, байлап

шатектелген – катарга тизип, арчындап байланган, тушамышталган

шоорат – белгилүү атакка ээ

шарапаттуу – сөөлөттүү, ыйык

шаркет – жамаат, коомчулук

шүйшүнтүү – таң калтыруу

ындысы түшпөгөн – кызыкпаган

ыкрат кылып – жерип, четиркеп, каяша берип

ыкрар – макулдук, ыктыяр, моюнга алуу

ыкыбалдуу – кадырлуу, сый-урматка ээ, татыктуу, барктуу

ыроошан – жаркын, жылдызы жанган

ырысман – ырыстуу, бактылуу

эсердик – жеңил ойлуулук, аңкоо чалыш, акыл-эси начар

эндөөлөшүп – тике маңдай кармашып

эңчегер – чымыр, чарчы бойлуу

эриш болгонун – эришип, сиңишип кеткенин

экимет кеп – акылман кеп, даанышман кеп

эбедей – ички сезим, жан-дүйнө

эмилдей – бекем, кайраттуу, ишенимдүү (катуу жыгачтын аталышы)

эсил жан – асыл жан, карал туткан, кымбат көргөн, тирек туткан

эндекей – беймарал, бейкам, бейкапар

**Макаланын автору тууралуу маалымат**

Мамытканов Эсен Жангазиевич Ак-Суу районунун Сары-Камыш айылында 1957-жылы туулган. 1976-1981-жылдары Пржевальск мамлекеттик педагогикалык

институтунун география факультетин бүтүргөн. Жогорку билимге ээ болгондон кийин Ысык-Көл областынын  Түп, Ак-Суу райондорунун орто мектептеринде эмгектенген. Учурда ардактуу эс алууда. Ага көп жылдык үзгүлтүксүз үзүрлүү эмгектери үчүн 1995-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги деген наам ыйгарылган. Э.Мамытканов Ак-Суу районунун Сары-Камыш айылындагы Ж.Субанбеков атындагы орто мектебинде иштөө учурунда иш тажрыйбаларын илим менен айкалыштыруунун негизинде дасыккан усулчу мугалими катарында «География сабактарын окутуудагы усулдук колдонмо» деген эмгегин жазган. Ал Ысык-Көл ОББИнин колдоого алуусунун аркасында, өзүнчө колдонмо китепче болуп 2011-жылы жарык көргөн. Бул китепти учурда Ысык-Көл областынын мектептеринин география мугалимдери күндөлүк иш-тажрыйбасында кеңири пайдаланууда.

Ал чыгармачыл адам катары да окурман журтуна белгилүү. Анын ырлары, макал-ылакаптары, пародиялары, тематикалык табышмактары, элет турмушунун түйүндүү маселелерине арналган публицистикалык маанайдагы макалалары мезгилдүү басма сөздөрдө дамаамат жарыяланып келе жатат.